КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР
МИНИСТРЛИГИ

ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ
БОЮНЧА АГЕНТТИГИ
(КЫРГЫЗГИДРОМЕТ)

МИНИСТЕРСТВО
ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

АГЕНТСТВО ПО
ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИИ
(КЫРГЫЗГИДРОМЕТ)

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2016-ж 14-январь № 04 Бишкек шаары

**“Кыргызгидрометтин 2016-жылга мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча Программасын бекитүү жөнүндө”**

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарын аткаруу жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2015-жылдын 26-февралындагы № 156 буйругуна ылайык мамлекеттик тилди өнүктүрүү индикаторун сапаттуу жүргүзүү максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1.Кыргызгидрометтин 2016-жылга мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча Программасы (1-тиркеме) жана тил комиссиясынын курамы (2-тиркеме) кайрадан бекитилсин.

2.Кыргызгидрометтин түзүмдүк бөлүктөрүнүн башчылары:

-мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасында каралган иш чараларды өз мөөнөттөрүндө ишке ашырууну жетекчиликке алышсын;

-башкармалыктардын жана өз алдынча бөлүмдөрдүн башчыларына ар бир айдын 20-күнү Кадрдык иштер жана иш кагаздар башкармалыгынын документтик камсыздоо жана аткарууну контролдоо бөлүмүнө бекитилген тартип боюнча аткарылган иш чаралар тууралуу отчетторун мамлекеттик тилде берүү жагы милдеттендирилсин.

3.Финансы, бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгы “Мамлекеттик тилди өнүктүрүү” программасын ишке ашырууга керектүү болгон акча каражаттарын өз учурунда бөлүп берсин.

4.Кыргызгидрометтин 2015-жылдын 26-февралындагы №25 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

З.С.Итибаев

5.Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо жагы директордун орун басары К.Ч.Сагыновго жүктөлсүн.

6.Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

**Директор** **З.С.Итибаев**

---

Жөнөтүлсүн: көктөмөгө, Агенттиктин түзүмдүк жана тармактык бөлүктөрүнө

Виза койгондор: К.Сагынов Н.Жумабаева Л.Тусупбекова

Л.Нышанбаева Т.Черникова А.Изабекова

1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин 2016-жылдын "14" январындагы № 04 буйругу менен бекитилген**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин 2016-жылга карата мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча**

**ПРОГРАММАСЫ**

| к /№ | Аткарылуучу иш чаралар | Ишке ашыруу жолдору | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Күтүлгөн натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Гидрометеорология тармагы боюнча даярдалган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун долбоорлорун жана Кыргызгидрометтин расмий тилде кабыл алынган жоболорун мамлекеттик тилге которуу. | Иш милдеттеринин алкагында | Жыл ичинде, өз учурунда | ДКАКБ | Мыйзамдардын, токтомдордун долбоорлорунун, жоболордун мамлекеттик тилге өз деңгээлинде которулушуна жетишүү. |
| 2 | Башкармалыктар жана өз алдынча бөлүмдөр тарабынан даярдалып келген иш кагаздарын: токтомдордун, буйруктардын, кызматтык каттардын долбоорлорунун жазылышын текшерип, туура жазылышына көмөк көрсөтүү. Буйруктарды, чыгуучу иш | Иш милдеттеринин алкагында, мамлекеттик тилде жазылган иш кагаздарын текшерүү, түзөтүүлөрдү киргизүү. | Жыл ичинде, үзгүлтүксүз | ДКАКБ | Агенттиктин ишмердүүлүгүн жөнгө салган бардык иш кагаздар мүчүлүштөрү жок мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө кам көрүү. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кагаздарын жана кызматтык каттарды мамлекеттик тилде түзүүдө кызматкерлерге усулдук жардам көрсөтүү жана мамлекеттик тил боюнча маселелер пайда болгондо кеңеш берүү. | | | | |
| 3 | ГББМКБнын, АЧБББнын, БМТБнын жоболоруна ылайык күн сайын берилүүчү аба ырайы жөнүндө маалыматтарды мамлекеттик жана расмий тилде чыгарууга жардам берүү. | Иш милдеттеринин алкагында | Жыл ичинде, үзгүлтүксүз | ДКАКБ | Аба ырайы тууралуу маалыматтарды кош тилде жайылтуу. |
| 4 | Агенттиктеги мамлекеттик тилди жетишээрлик деңгээлде билүүгө милдеттүү болгон жана окутуу зарылдыгы келип чыккан кызматкерлерге мамлекеттик тилди окутуп-үйрөтүү иштерин колго алуу менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Окуу-маалымат борбору аркылуу мамлекеттик тилди билүүгө милдеттүү кызматкерлердин бул багытта билимдерин өркүндөтүү, билим сапаттарын жакшыртуу максатында окуу курстарынан өткөрүү. Окуу курстарында кызматкерлердин билим алуусун көзөмөлдөө. | Мамлекеттик тилди өздөштүрүү деңгээлдерине (A1, A2, B1, B2) ылайык окуу борбору менен байланышып, тиешелүү иш кагаздарын жүргүзүүнүн негизинде. | Жыл ичинде, үзгүлтүксүз | ДКАКБ | “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө”Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 9-беренесине (“Мамлекеттик кызматкерлер өздөрүнүн кызматтык милдетинаткаруу үчүн мамлекеттик тилди зарыл болгон көлөмдө билүүгө милдеттүү”) ылайык тил муктаждыгы бар бардык кызматкерлердин мамлекеттик тил сабатын жоюуга шарт түзүү. |
| 5 | Мамлекеттик тил күнүнө карата бир айлык жарыялоо, иш чараларды түзүү,алардын аткарылышын | Буйрук чыгаруу, кызматкерлердин иш милдеттерин | Август-сентябрь айларында | ДКАКБ жана тил комиссиясы, | Мамлекеттик тилде кызматтык деңгээлде сүйлөөнү камсыз кылууга |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | көзөмөлдөө, гидрометеорологиялык терминдердин көлөмдүү этимологиялык кыргызча түшүндүрмө сөздүгүнүн бет ачаарын өткөрүү, мамлекеттик тил күнүнө арналган дубал газеттердин, мамлекеттик тилде жүргүзүлгөн иш кагаздарынын сынактарын өткөрүү. | аткаруусунун алкагында | | башкармалык тар жана өз алдынча бөлүмдөр. | аракеттерди колдоо, мамлекеттик тил боюнча маалыматтарды жайылтуу жана өнүктүрүү. |
| 6 | Гидрометеорологиялык терминдердин көлөмдүү этимологиялык кыргызча түшүндүрмө сөздүгүн түзүү. | Иш милдеттеринин алкагында, тиешелүү адистердин кеңештерин эске алуу менен | 3-квартал | ДКАКБ | Гидрометеорологиялык терминдердин бирдей котормодо кеңири мааниде колдонууга жетишилет, мамлекеттик тилге которууда, же жазууда даяр колдонмо түзүлөт. |
| 7 | Гидрометеорология жаатындагы терминдер менен байланышкан иш кагаздарынын үлгүлөрү чагылдырылган колдонмолорду иштеп чыгуу. | Иш милдеттеринин алкагында | 1-квартал | ДКАКБ | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жазууда даяр колдонмо менен пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. |
| 8 | “Кыргыз тест” түзүмү тарабынан түзүлгөн ырааттаманын негизинде кызматкерлердин мамлекеттик тил боюнча тест тапшырууга барууcун, тесттен өтүүсүн камсыз кылуу. | Иш милдеттеринин алкагында | “Кыргыз тест” түзүмү тарабынан түзүлгөн ырааттамага ылайык | ДКАКБ | Мамлекеттик тил жөнүндө кабыл алынган мыйзам актыларына, токтомдорго, программаларга ылайык кызматкерлердин мамлекеттик тил боюнча ээлеген кызмат ордуларына ылайык келээри аныкталат. |

**Кадрдык иштер жана иш кагаздар башкармалыгынын начальниги** **Н.Т.Жумабаева**

2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин 2016-жылдын " 13 " январындагы № 03 буйругу менен бекитилди

**Кыргызгидрометтин мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча тил комиссиясынын курамы**

1. **Комиссиянын төрагасы:**

   **Сагынов Канатбек Чолпонбаевич** – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттиктин директорунун орун басары.

2. **Төраганын орун басары:**

   **Жумабаева НурийлаТоктомаматовна** – Кадрдык иштер жана иш кагаздар башкармалыгынын начальниги.

3. **Комиссиянын катчысы:**

   **Абдыразаков Кубанычбек Сагынбаевич** - Кадрдык иштер жана иш кагаздар башкармалыгынын документтик камсыздоо жана аткарууну контролдоо бөлүмүнүн мамлекеттик тил боюнча башкы адиси.

4. **Комиссиянын мүчөлөрү:**

   **Даакыбаева Гүлнара Бекбаевна** – Байкоолордун мамлекеттик тутуму бөлүмүнүн башкы адиси;

   **Дыйканова Гүлдана Кабыловна** - Кадрдык иштер жана иш кагаздар башкармалыгынын документтик камсыздоо жана аткарууну контролдоо бөлүмүнүн башкы адиси;

   **Базарбаева Назгүл Ишенбаевна** – Гидрометеорологиялык байкоолор, болжолдоолор жана маалымат менен камсыздоо башкармалыгынын гидрологиялык болжолдоолор бөлүмүнүн башкы адиси;

   **Асанбай кызы Мээрим** – Айлана-чөйрөнүн булгануусун байкоо башкармалыгынын жер бетиндеги суулардын булгануусун байкоо бөлүмүнүн башкы адиси.

Кадрдык иштер жана иш кагаздар башкармалыгынын начальниги — Н.Т.Жумабаева